КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
КӨТӨРМӨ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КОТОРМИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Көтөрмө айылдык кеңешинин VII чакырылыш кезексиз XXVIII сессиясынын**

**28/4 Токтому**

**Кызыл-Булак айылы.** **19.09.2023-жыл.**

**Көтөрмө айыл өкмөтүнүн бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып жана талкуулап Көтөрмө айылдык кенешинин сессиясы

**Токтом кылат:**

**1.** Көтөрмө айыл өкмөтүнүн бюджетиндеги 2023-жылдын 1-январына карата калдык акчанын эсебинен №1 тиркемеге ылайык төмөнкү максаттарга акча каражаты ажыратылсын. (тиркеме тиркелет).

1. Молдо Нияз акындын 200 жылдык маарекесине карата иш чараларды уюштуруп, өткөрүүгө 500.0( беш жүз миң) сом

2. Молдо Нияз акындын үңкүрүн реконструкциялоо иштерине Кадамжай өнүктүрүү фонду менен каржыланып жаткан проектисин колдоого 978.0 (тогуз жүз жетимиш сегиз миң) сом

3. Молдо Нияз акындын 200 жылдык маарекесине карата Молдо Нияз атындагы мектеп-гимназиясындагы Молдо Нияз акындын музейин оңдоп-түзөөгө 45.0 (кырк беш миң) сом

4. Коксал Топтан атындагы орто мектебинде курулуп жаткан спорттук залына курулуш материал сатып алууга 245.8 (эки жүз кырк беш миң сегиз жүз) сом

5. Коксал Топтан атындагы орто мектебине отун-көмүр коючу жай курууга 300.0 (үч жүз миң) сом

6. Айыл аймагына таза суу тартуу боюнча долбоор даярдоого 200.0 (эки жүз миң) сом

7. Айыл аймагында жаңыдан курулуучу объектилердин иш кагаздарын даярдоого 300.0 (үч жүз миң) сом

8. Тамаша, Кароот, Жалгыз-Булак айылдарындагы таза суу келүүчү түтүктөрдү оңдоп-түзөө иштерине 111.0 ( бир жүз он бир миң) сом

9. Тамаша айылындагы А.Камбаров атындагы орто мектебинин ашканасынын чатырын алмаштырууга 60.0 (алтымыш миң) сом

8. “ Айданек” балдар бакчасынын ашканасын оңдоп-түзөөгө 170.0 (бир жүз жетимиш миң) сом

9. “Кызыл-Булак Ак-Суу” балдар бакчасынын тарбиячылары үчүн кийим алмаштыруучу жай курууга 70.0 (жетимиш миң) сом

2. 2023-жылга карата бекитилген бюджетине №2 тиркемеге ылайык өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин. (тиркеме тиркелет)

3. Акча каражатын багыттар боюнча максаттуу пайдалануу жана бөлүп берүү ФЭБнүн башчысы У. Мадумаровго милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана финансылык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Бактыбаев**